КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

03.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XXXII -сессиясынын**
**№1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаардык шайлоо участкалык комиссияларынын курамын жана резервин бекитип берүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 7-пунктуна ылайык, Базар-Коргон райондук аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровдун 12.07.2024-жылкы чыгыш 7/6 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кенешинин ««Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXII -сессиясы **токтом кылат:**

1. “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 7-пунктунун негизинде Базар-Коргон шаардык шайлоо участкалык комиссияларынын курамы жана резерви бекитилсин.

2. Токтомдун көчүрмөсү Базар-Коргон райондук аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровго жөнөтөлсүн.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаардык кеңешинин “Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

03.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXII -сессиясынын**
**№2-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын жана участкалык шайлоо комиссияларынын резервин бекитип берүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 7-пунктуна ылайык, Базар-Коргон райондук аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровдун 24.07.2024-жылкы чыгыш 01-05/04 сандуу кайрылуусуна жана Базар-Коргон шаардык кенешинин ««Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXII -сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын жана участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин толуктоого төмөнкү көрсөтүлгөн тургундар бекитилсин:
   1. Юсупов Мухаммадилоо Жамалдинович
   2. Арсланов Аббос Арапбаевич
   3. Абдукаримов Заирдин Бултурсунович.

**2.** Токтомдун көчүрмөсү Базар-Коргон райондук аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровго жөнөтөлсүн.

**3.** Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаардык кеңешинин “Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**